Бекитемин

И.Ахунбаеватындагы

КММАнын ректору

И. Кудайбергенова

«___»__________ 2017

**ЖОЖго чейинки даярдоо Борбору Лицей тууралуу**

**ЖОБО**

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Лицей И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (мындан ары КММА) окуу базасында уюштурулган.

1.2. Лицейдин уюштуруучулары болуп КММА эсептелет. Уюштуруучу-укуктук формасы – билим берүүчү мекеме. Менчик формасы – мамлекеттик.

1.3. Лицей өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү тууралуу» Мыйзамын жана билим берүү ишмердигин жөнгө салып туруучу башка мыйзам чыгаруучу жана нормативдик-укуктук актыларды, КММАнын Уставын, ички тартиптин эрежелерин, Окумуштуулар Кеңешинин жана ректорат Кеңешинин чечимдерин, аталган жобону жетекчиликке алат.

1.4. Лицейдин директору жылына бир жолу лицейдин: окуу, тарбиялык жана каржылык иштери тууралуу КММА Окумуштуулар Кеңешинде же ректорат Кеңешмесинде отчет берет.

1.5.Лицейдин окуучулары жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен болгон байланышы аталган Жобо жана локалдык актылар менен жөндөлүп турат. Педагогдор менен болгон байланыш

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, КММА эмгек келишими жана жамааттык келишимдер аркылуу жөнгө салынат.

1.6. Мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча лицей бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү документти (жалпы орто билим берүү тууралуу аттестат) берүүгө укуктуу.

1.7. Лицей өзүнүн орусча «Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын алдындагы лицей» аталышында, кыргызча «Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын алдындагы лицей» аталышында КММАнын түзүмдүк бөлүгү болуп эсептелет.

1.8. Лицейдин өз мөөрү (печать), штампы бар.

1.9. Лицейдин юридикалык дареги: 720020. Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Ахунбаев көч., 92А; тел.: 0312 56-58-02, 0312 54-58-51.

1.10. Лицей аныкталбаган мөөнөткө түзүлгөн.

## 2. МАКСАТЫ

2.1. Медициналык профилдеги жогорку окуу жайларында окуусун андан ры улантуу үчүн окуучуларды даярдоо.

## 3. МИЛДЕТТЕРИ

3.1. Лицейдин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- инсандын жалпы маданиятын калыптандыруу;
- окуучулардын жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окуусун улантуусу үчүн зарыл болгон фундаменталдык, теориялык жана профилдик терендетилген даярдыкты камсыздоо.

3.2. Төмөнкү шарттарды түзүү:

а) окуучулардын аталган профилдеги жогорку окуу жайларына, анын ичинде КММАга өтүүсүн камсыздоочу фундаменталдуу жана кесиптик даярдыкка чейинки жогорку деңгээлге жетишүүсү үчүн;

б) окуучулардын инсандык акыл, адеп жана физикалык өнүгүүсүнө кепилдик берүүчү;

в) окуучуларда зарыл болгон билимдерди, жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн;

г) инсандын чыгармачыл өнүгүүсү, анын өзүн өзү ишке ашыруусу, өзүн аныктоосу жана кесиптик аң-сезимдүү тандоосу үчүн;

д) жарандуулукту, мээнеткечтикти, адам укуктарына жана эркиндигине сый мамиле кылууну, Мекенге, үй-бүлөгө жана курчап турган жаратылышка болгон сүйүүнү тарбиялоо үчүн;

е) окуучуларды коргоону жана алардын саламаттыгын чыңдоону кепилдөөчү.

## 4. БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН КЫЗМАТТАРЫ

4.1. Лицейдин аткаруучу органы катары ЖЧДБ директору, ал эми ал жокто лицейдин окуу-тарбиялык иштери боюнча директорунун орун басары эсептелет;

4.2. Лицейди башкаруу демократиялык принциптердин, ачык-айрымдуулуктун, жалпы адамзаттык баалуулуктарга, адамдын жашоосуна жана адамдын саламаттыгына, инсандын эркин өнүгүүсүнө артыкчылык берүүнүн негизинде ишке ашырылат;

4.3. Лицейдин директору жалпы жетекчиликти ишке ашырат:

а) КММА Уставындагы жана аталган Жободогу бекитилген укуктардын алкагында Лицейдин ишмердигине байланышкан маселелерди чечет;

б) мүлктү жана материалдык каражаттарды бөлүштүрөт;

в) КР ЭК жана Уюштуруучу тарабынан ага берилген укуктардын алкагында кызматчыларды жумушка алууну, жумуштан алууну жана которууну ишке ашырат;

г) окуучулардын сабактарынын жүгүртмөсүн жана иш графигин бекитет;

д) өз укуктарынын чегинде буйруктарды жана көрсөтмөлөрдү чыгарат;

е) профсоюздук комитет менен биргеликте окуу жүктөмүн бөлүштүрөт жана ОТИ боюнча директордун орун басары, предметтик

окутуучулардын лицейлик-усулдук бирикмесинин өкүлдөрү менен талкуулагандан соң гана окуу жүктөмүнүн көлөмү жумушчунун жазуу түрүндөгү макулдугунун негизинде бекитилет;

ж) билим берүү уюмумун кызматкеринин айлык маянасын эсептөө тартиби тууралуу Көрсөтмөнүн негизинде айлык акынын ченин аныктайт;

з) ОТИ боюнча директордун орун басары менен биргеликте сабактарга, окуу сабактарынын башка түрлөрүнө, тарбиялык иш-чараларга катышуу аркылуу педагогдордун ишмердигин көзөмөлгө алат;

и) МО жетекчилерин, педагогикалык кеңештин катчысын дайындайт;

к) Уюштуруучу менен макулдашуунун негизинде документтерди кабыл алуу жана бланктык тестирлөөнү жүргүзүү үчүн комиссия түзөт;

л) Уюштуруучунун компетенциясына тиешеси жок лицейдин кезектеги ишмердигиндеги башка маселелерди чечет (мугалимдерди сыйлыктарга көрсөтүү, сыйлоо);

м) мамлекеттик жана коомдук уюмдарда лицейдин кызыкчылыктарын билдирет жана аларды коргойт.

4.4. Педагогикалык жана методикалык маселелерди кароо, окуу-тарбиялык процессти уюштуруу, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны изилдөө жана жайылтуу максатында, ошондой эле өспүрүмдөрдүн социалдык ыңгайлашуусун, тарбия берүүнү жана окутууну камсыздоо маселелерин натыйжалуу чечүү үчүн педагогдордун жамаатынын аракеттерин бириктирүү үчүн лицейде педагогикалык кеңеш иш алып барат.

4.5. Педагогикалык кеңеш лицейдин, педагогикалык жана окуучулар жамаатынын турмушуна байланыштуу бардык маселелерди карайт. Окуучулар жана ата-энелердин өзүн өзү башкаруу органдары, ата-энелер комитети менен карым-катышуу маселелерин камтыган локалдык актыларды иштеп чыгат жана окуучулардын сынактарга кирүү жана сынактан бошотуу, которуу жана жалпы орто билим берүү тууралуу аттестаттарды берүү жана одоно тартип бузуулары жана академиялык жетишпегендиктери үчүн лицейден чыгаруу менен байланышкан чечимдерди кабыл алат. МО жетекчилеринин

отчетторун угат, лицейдин окуу-методикалык базасын чыңдоо жана кеңейтүү маселелерин талкуулайт. Лицейдин мугалимдерин сыйлыкка көрсөтөт.

4.6. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрү болуп мугалимдер, клас жетекчилери, анын ичинде совместителдер, администрация жана ата-энелер комитетинин мүчөлөрү эсептелет. Педагогикалык комитеттин төрагасы болуп лицейдин директору эсептелет. Ал өз буйругу менен педагогикалык кеңештин катчысын бир жыл мөөнөткө дайындайт.

Зарыл учурда лицейдин педагогикалык кеңешмелерине коомдук уюмдардын, окуучулардын өзүн-өзү башкаруусунун өкүлдөрү, окуучулардын ата-энелери жана башка кызыкдар адамдар чакырылат.

Аларды чакыруу зарылдыгы педагогикалык кеңештин төрагасы тарабынан аныкталат. Жыйынга чакырылгандар кеңешүү добушуна ээ.

4.7. Педагогикалык кеңештин чечимдери жыйында анын мүчөлөрүнөн кеминде 3 адам катышкан учурда ачык, зарылдык пайда болсо, жашыруун добуш берүү аркылуу кабыл алынат. Добуштардын саны бирдей болгон учурда чечүүчү катары педагогикалык кеңештин Төрагасынын добушу эсептелет. Педагогикалык кеңештин чечимдери педагогикалык жамаат үчүн милдеттүү болуп эсептелип, лицейдин жетекчисинин окуучуларды сынакка киргизүү, окуучуларды жогорку класска которуу же аларды окуу курсун кайталоо үчүн калтыруу, сынактардан бошотуу, жалпы орто билими тууралуу аттестат берүү, көтөрмөлөө жана жазалоо ж.б тууралуу буйругунун негизинде ишке ашырылат. Окуучуну лицейден чыгаруу тууралуу педагогикалык кеңештин чечими ата-энелердин же аларды мыйзамдуу түрдө алмаштыруучу адамдардын катышуусунда кабыл алынат.

4.8. Коомдук уюмдар катары лицейде класстык ата-энелер комитеттери эсептелет, алар жалпы лицейлик ата-энелер комитетине бириктирилет. Алар үй-бүлө менен лицейдин балдарды тарбиялоодо, социалдык жактан корголбогон балдарды аныктоо жана коргоодо көмөк көрсөтүүдө биргелешкен аракеттерди жумшайт.

4.9. Класстарда ата-энелер комитеттери жалпы класстык жыйындарда, жыйындын чечимдерине ылайыкшайланат. Жалпы класстык жыйында ошондой эле жалпы лицелик ата-энелер комитетине бир өкүл шайланат.

Класстык ата-энелер комитеттери:

а) класстагы окуу-тарбиялык процессти жакшыртуу жана ага ата-энелерди катыштыруу маселелерин талкуулайт;

б) төмөнкүлөр менен байланышкан маселелерди чечет:

- класстагы дежурствону уюштуруу, лицейдин аймагын тазалоо;
- материалдык жана каржылык каражаттарды тогултуу (окуучулардын керектөөлөрү үчүн);
- класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу (экскурсияга, тоого жүрүштөргө, жаратылышка чыгуу, театрларга, кинотеатрларга баруу);
- Лицейдин жана КММАнын иш-чараларн уюштуруу жана өткөрүү.

Класстык ата-энелер жыйынын чечимдерине токтомдор кабыл алынып, токтомдор класс жетекчисинде сакталат.

4.10. Лицейде ыктыярдуу негизде окуучулардын өзүн өзү башкаруу органдары жана окуучулардын уюмдары түзүлүшү мүмкүн.

## 5. ОКУТУУ ПРОЦЕСИН УЮШТУРУУ

5.1. Лицей Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген окуу пландарына, программаларына ылайык иш алып барат. Окуу пландарына дисциплиналарды үйрөтүүчү жана лицейде окутуунун акыркы максаттарына жана милдеттерине дал келүүчү өзгөчөлүктөрүн эске алуучу өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.

5.2. Окуу процесси которуу жана мамлекеттик сынактарды тапшыруучу эки жарым жылдыктын негизинде түзүлөт.

5.3. Жарым жыл ичинде кезектеги текшерүү диктанттар, тесттик тапшырмалар жана текшерүү иштери, ал эми жыйынтыктоочу текшерүү экзамен түрүндө, аралык жыйынтыктоочу баалар балл түрүндө жарым жылдык боюнча коюлат.

5.4. Сабактар 45 минутадан өтөт.

5.5. Класстагы окуучулардын саны 16 адамдан ашпайт.

5.6. Лицейде окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

5.7. Лицейде билим алуу мөөнөтү 2 жылды түзөт (10-11-класстар).

5.8. Сабактар 8.00до башталып, 14.00до аяктайт.

5.9. Билим берүүнүн мазмуну окутууда алдыга коюлган милдеттерди оптималдуу чечүү максатында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде лицейдин өз алдынча иштеп чыгуучу жана жөнгө салуучу программалары менен аныкталат.

5.10. Билим берүү программаларын өздөштүрүү «Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясы тууралуу Жобого» ылайык жүргүзүлүүчү бүтүрүүчүлөрдүн милдеттүү жыйынтыктоочу аттестациясы менен аяктайт.

5.11. 10-классты аяктаган лицейдин окуучулары которуу экзамендерин тапшырат. Экзамендик билеттер жана материалдар жыл сайын лицейдин методикалык бирикмеси тарабынан нормативдерге ылайык иштелип чыгат жана алар башталганга чейин бир айдан кем эмес мөөнөттө педагогикалык кеңеш тарабынан бекитилет. Окуучулар жана алардын ата-энелери экзамендердин жүгүртмөсү, экзамендик билеттер менен экзамендер башталганга чейин бир ай мурун тааныштырылышы керек.

5.12. 10-класстан 11-класска окуучуларды которуу төмөнкүчө ишке ашырылат:

а) билим берүү программасын толук өздөштүргөн учурда;

б) билим берүү программасын бир же эки предмет боюнча өздөштүрө албагандар бул предметтер боюнча жайкыга кошумча тапшырмаларды алышат жана аларды аткарган соң күзгү которуу экзамендерин тапшырат. Педагогикалык кеңеш тарабынан аныкталган окуучулардын академиялык карыздарын учурунда жоюусу үчүн жоопкерчилик алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдрөнүө) жүктөлөт;

в) үч же андан ашык предметтер боюнча билим берүү программасын өздөштүрбөгөндөр, ошондой эле күзгү экзамендерде канааттандырарлык эмес баа алгандар курсту кайталап окууга калтырылат;

г) бир профилдик эмес предмет боюнча программаны өздөштүрбөгөндөр айрым учурда гана (педагогикалык кеңештин чечими боюнча) жогорку класска көчүрүлөт.

5.13. 10-11-класстарга окуучуларды кабыл алуу конкурстук негизде аңгемелешүүнүн же ББМ иштеп чыккан жана педагогикалык кеңеште бекитилген кирүү тесттеринин жыйынтыгы боюнча ишке ашырылат, натыйжалар окуучуларга жана ата-энелерге билдирилет.

5.14. Документтерди каттоо үчүн төмөнкүдөй документтер керек:

- лицейдин директорунун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн (паспорттун) көчүрмөсү;
- жашаган жеринен маалымдама;
- 4 фотосүрөт (3х4);
- Документтерди каттоо үчүн төлөмдүн дүмүрчөгү.

5.15. лицейге кабыл алуу үчүн конкурстук тандоодон өткөн окуучулардын ата-энелери төмөнкүдө документтерди тапшыруусу зарыл:

- окутуу үчүн сумманы көрсөткөн жекече келишим же жетекчи уюмдун ЖОЖ менен болгон келишими;
- окуучунун жеке иши;
- толук эмес билим берүү тууралуу күбөлүктүн түп нускасы;
- баланын медициналык эмдөөлөрү тууралуу медициналык картасы жана массалык мекемелерде окуу мүмкүнчүлүгү тууралуу корутунду;
- окутуу үчүн контракттын 100%дык төлөмү тууралуу дүмүрчөк.

5.16. Лицейге кабыл алуу окуу үчүн 100%дык төлөмдү жүргүзгөндөн кийин ректордун буйругу менен ишке ашырылат.

5.17. Жыл сайын 30.09га чейин Прейскурантта белгиленген баа боюнча лицейде окуу үчүн билим берүү кызматы үчүн толук көлөмдө төлөмдү жүргүзүү (окуу үчүн 100% төлөм).

5.18. Кабыл алынуучу класстардын саны педагогикалык кадрлардын жана лицейдеги жайлардын эсеби менен жөнгө салынат.

5.19. Лицейге кабыл алынып жатканда окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) аталган Жобо жана окуу-тарбиялык процессти регламенттөөчү башка документтер менен тааныштырылышы керек.

5.20. Лицейде окуу үчүн төлөмдүн өлчөмү КММА ректору тарабынан, каржы комитетинин жана лицейдин директорунун сунуштарын эске алуу менен аныкталат. Төлөм ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр)

тарабынан алардын Лицей менен түзгөн келишиминин негизинде ишке ашырылат.

5.21. Педагогикалык кадрлар КР ЭК талаптарына ылайык конкурстук негизде, ошондой эле КММА илимий кызматкерлери жана окутуучулары арасынан да кабыл алынат.

5.22. Жумушка кабыл алып жатканда лицейдин администрациясы тил кат аркылуу төмөнкү документтер менен тааныштырат:

- жекече эмгек келишими;
- Лицейдин Жобосу;
- ички эмгек тартибинин эрежелери;
- «Мугалим», «Класс жетекчи» кызматтык көрсөтмөлөрү;
- коопсуздук техникасы жана эмгекти коргоо боюнча эрежелер;
- Лицейдин башка локалдык актылары.

5.23. Лицейдин кызматкерлери менен эмгек мамилелери КММА ректорунун макулдашуусу менен директордун жана кызматкердин ортосунда түзүлгөн эмгек келишими менен жөнгө салынат, ал өзүндө билим берүү жана кошумча кызматтарды көрсөтүү боюнча өз ара милдеттерди жана укуктарды камтыйт.

5.24. Эмгек келишими аяктагандан тышкары лицейдин кызматкерлери менен эмгек келишими КР ЭК статьяларында каралгандай администрациянын демилгеси менен төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн:

а) жыл ичинде Жобонун одоно бузулуусу кайталанганда;

б) окуучу инсанга карата физикалык жана психикалык зомбулук көрсөтүү менен байланышкан тарбия берүү усулдары колдонулганда;

в) ишке алкоголдук, баңгилик жана уулуу заттар менен мас болгон абалда ж.б. келгенде.

5.25. Лицейдин мүлкү жана каражаттары КР мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган жана ошондой эле Уюштуруучуга өткөрүлүп берилген ата-энелердин взносторунун, банктагы насыялары жана башка кредиторлорунун, кайрымдуулук кирешелеринин, уюмдардын, ведомстволордун, ишканалардын, жарандардын, башка булактардын эсебинен түзүлөт.

5.26. Лицейдин кызматкерлерине бирдей тарифтик торчонун жана аттестациялык комиссиянын чечиминин негизинде эмгек акысы (кызмат акысы) белгиленет. Айлыкка кошумчалар, кошумча төлөмдөр жана башка материалдык көтөрмөлөөлөр лицейдин каржылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша Уюштуруучу тарабынан аныкталат.

5.27. Лицейдин каржылоочу негизги булагы катары окуучулардын окуусу үчүн ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) кабыл алынуучу төлөмдөрү эсептелет.

5.28. Лицейде окутуу контракттык негизде гана жүргүзүлөт. Окуу үчүн төлөөлөрдү жүргүзүүдө жеңилдетүүлөр (льгота) каралган эмес.

5.29. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) тарабынан лицеисттердин окуусу үчүн төлөнгөн каражаттардан кирешелердин жана чыгымдардын сметасы түзүлөт, мында мугалимдердин айлык маянасы, окуу китептерин, эмеректерди, оргтехника жана спорттук инвентарларды алуу боюнча чыгымдар эске алынган. ЖЧД лицейинин киреше жана чыгымдар сметасы лицейде окуу жылы башталганга чейин Уюштуруучу тарабынан аныкталат.

5.30. Лицейди жоюу же кайра түзүү Уюштуруучунун чечими менен же КР мыйзамдарына ылайык соттун чечими менен ишке ашырылат.

5.31. Лицейди кайра түзүүдө лицей тууралуу аталган Жобо, лицензия жана мамлекеттик аккредитация тууралуу күбөлүк өзүнүн юридикалык күчүн жоготот.

5.32. Эреже катары окуу жылынын аягында ишке ашырылуучу лицейди жоюу жана кайра түзүүдө Уюштуруучу окуучуларды алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен тийиштүү типтеги башка билим берүү уюмдарына которуу үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.

5.33. Лицейге тиешелүү материалдык жана башка баалуулуктар менчик укугунун негизинде төлөмдөрдү жана милдеттемелерди жабуу үчүн кеткен чыгымдарды төлөөдөн кийин Уюштуруучунун чечими боюнча билим берүүнү өнүктүрүү максаттарына жумшалат.

5.34. Лицейдин документтери ал жоюлган жана кайрадан түзүлгөн учурда Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук архивдик фонду тууралуу» Мыйзамына ылайык архивге өткөрүлүп берилет.

## 6. ЛИЦЕЙДИ БАШКАРУУЧУ ЖОГОРКУ ОРГАН ЖАНА АНЫН УКУКТАРЫ

6.1. Лицейдин жогорку башкаруучу органы болуп уюштуруучу – КММА эсептелет.

Уюштуруучу төмөнкү укуктарга ээ:

- Лицей тууралуу Жобону бекитүүгө жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;
- Лицейди кайра түзүү жана жоюу тууралуу маселелерди чечүүгө;
- Лицейдин жылдык отчетторун бекитүүгө.

6.2. Лицейдин жетекчилиги (директор) Уюштуруучу тарабынан КР ЭК ылайык контракттык негизде 5 жылдык мөөнөт менен кдайындалат.

## 7. ЛИЦЕЙДИН УКУКТАРЫ

7.1. Негизги милдеттерди ишке ашыруу үчүн лицей төмөнкүдөй укуктарга ээ:

а) мамлекеттик билим берүү стантарттарынын талаптарын эске алуу менен билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгып кабыл алууга жана ишке ашырууга;

б) окуу пландарын, календарлык окуу графигин жана сабактын жүгүртмөлөрүп кабыл алууга жана бекитүүгө;

в) лицейди өнүктүрүү программасын аныктоого;

г) окутуу жана тарбиялоо формаларын, каражаттарын, усулдарын, окуу китептерин жана окуу куралдарын тандоого, зарыл болгон окуу курстарын киргизүүгө;

д) окуучулардын аралык аттестациясынын формасын, тартибин жана мезгилдерин, баалоо системасын тандоого;

е) кошумча билим берүү кызматтарын ишке ашырууга;

ж) кошумча каржы булактарын, анын ичинде физикалык жана юридикалык жактардын (спонсорлордун, меценаттардын балдары үчүн лицейге тапшырууда жеңилдиктер каралган) ыктыярдуу

кайрымдуулук жана максаттуу төлөмдөрүнүн эсебинен валюталык каражаттарды тартууга.

7.2. Билим берүү процессинин катышуучулары болуп окуучулар, мугалимдер жана лицейдин башка кызматкерлери эсептелет.

7.3. Окуучулар төмөнкүдөй укуктарга ээ:

а) мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы орто билим алууга;

б) китепкана фонду, жабдуулар, компьютердик борбор, спорттук каражаттар менен белгиленген тартипте акысыз колдонууга;

в) кошумча (акылуу) билим берүү кызматтарын алууга;

г) лицейдин окуу жамаатын башкарууга катышууга;

д) адамдык сапаттарды сыйлоого, өз көз караштарын эркин билдирүүгө, ошондой эле өз укуктарын, ар-намысын жана кадыр-баркынкоргоого;

е) КММА иш-чараларына катышууга;

ж) балдардын коомдук уюмдарына ыктыярдуу кирүүгө;

з) физикалык жана психологиялык зомбулук усулдарын колдонуудан коргонууга;

и) саламаттыгын коргоону жана чыңдоону кепилдөөчү окутуунун усулдары.

7.4. Лицей менен окуучулардын ата-энелеринин мамилелери кызматташуу тууралуу келишимдин негизинде жөнделөт, мында билим берүү жана кошумча кызмат көрсөтүү, ошондой эле бири-бирине карата милдеттери жана укуктары, жоопкерчилик, жактардын келишиминин мөөнөтү, юридикалык дареги белгиленет.

7.5. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүдөй укуктарга ээ:

а) өз балдарынын мыйзамдуу укуктарын, кызыкчылыктарын коргоого:

- бул үчүн лицейдин директоруна арыз жазып кайрылуу зарыл, ал эки жумадан кечиктирбей ал арызга жазуу түрүндө жооп бериши керек;

- ата-энелер менен мугалимдин (класс жетекчисинин) ортосунда кагылышуу болгон учурда директордун буйругу менен көз карандысыз комиссия түзүлөт, ал кагылышууну чечүү боюнча тийиштүү сунуштарды киргизет;

б) эгер окуучунун жетишкендиги, жүрүм-туруму тууралуу маселе каралып жаткан болсо, педагогикалык кеңештерге кирүүгө жана талкууларга катышууга;

в) билим берүү процессинин жүрүшү, окуучунун жетишкендиктеринин баалары менен таанышууга:

- директордун жана сабак өтүп жаткан мугалимдин уруксаты менен лицеист окуп жаткан класста мугалимдердин сабагына кирүүгө;
- класс жетекчиси аркылуу окуучунун баалары менен таанышууга;

г) окуу-тарбиялык процессти жөндөөчү лицей тууралуу Жобо жана башка нормативдик документтер менен таанышууга;

д) педагогикалык жана окуучулар жамааттарынын кызыкчылыктарын коргоо максатында лицейдин Жобосуна жана КР мыйзамдарына каршы келбеген кайрымдуулук фонддорун түзүү;

е) төмөнкүлөргө тиешеси бар сунуштарды киргизүүгө:

- билим берүү процессин жакшыртууга;
- кошумча билим берүү кызматтарын уюштурууга;
- айрым предметтер боюнча окуучулардын билимдерин тереңдетүү максатында сабактарды өтүү үчүн КММА окутуучуларын тартууга;

ж) класстын жана лицейдин ата-энелер комитетине шайлоого.

7.6. Педагогикалык кызматкерлер төмөнкүдөй укуктарга ээ:

а) ишти башкарууга катышууга:

- лицейдин педкеңешине шайлоого жана шайланууга;
- «Ички эмгек тартибинин эрежелерин» талкуулоого жана кабыл алууга;
- эмгек жамаатынын жалпы жыйынында чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга;

б) өзүнүн кесиптик намысын жана баркын коргоого;

в) окутуу жана тарбиялоо усулдарын, окуу китептерин жана материалдарын, окуучуларды баалоо усулдарын эркин тандоого жана колдонууга;

г) өз квалификациясын жогорулатууга;

д) квалификациялык категорияны ыйгаруу боюнча ыктыярдуу негизде аттестацияга;

е) мыйзамда каралган жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган социалдык жеңилдиктерге жана кепилдиктерге, ошондой эле КММА Лицейинин жеңилдиктерин алууга;

ж) кесиптик жүрүм-турум нормаларын же жазуу түрүндө берилген Жобону бузганда кызматтык тергөө жүргүзүүгө.

7.7. Окутуучулар, административдик-башкаруучу персонал өзүнүн негизги кызматы менен бирге бир эле убакта кошумча кызматтарды аткара алышат.

## 8. БАШКА ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮМДӨР МЕНЕН КАЙРЫМ-КАТЫШТАР

8.1. КММА кафедрасынан химия, биология окутуучуларын тартуу.

8.2. КММАнын китепкана фондун, лекциялык, спорттук залдарын, спорттук аянчаларын колдонуу.

8.3. КММА ОМБ жана башка уюмдар менен биргеликте класстан тышкаркы жана мектетен тышкаркы иш-чараларды жүргүзүү (лицейдин иш-чаралары, театрларга, кинотетарларга, көркөм көргөзмөлөргө баруу).

## 9. ЖООПКЕРЧИЛИК

9.1. ЖЧДБ лицейдин иши жана кызматтык көрсөтмөлөрдү аткаруу, окуучулардын жана педагогикалык жамааттын өмүрү жана саламаттыгын сактоо боюнча толугу менен жоопкерчиликти өзүнө алат.

9.2. Административдик-башкаруучу персонал лицейдин ички тартибинин жана кызматтык көрсөтмөлөрдүн Эрежелерин жетекчиликке алат.

9.3.Лицеисттер төмөнкү учурда окуудан чыгарылат:

а) академиялык жетишпегендиктер үчүн;

б) мыйзамсыз аракеттерди жасаганда, аталган Жобону одоно бир нече ирет бузганда;

в) ата-энесинин арызынын негизинде башка билим берүү мекемелерине которулганда же 15 жашка чыкканда жумушка орношкон учурда;

г) жөндүү себепсиз 70сааттан ашуун сабак калтырганда;

д) контрактты өз учурунда төлөбөгөндө.

9.4. Окуучуларга төмөнкүдөй тыюулар салынат:

а) лицейдин карамагында тамеки чегүүгө;

б) спирт ичимдиктерин жана баңгизаттарды колдонууга;

в) лицейдин аймагында спирт ичимдиктерин, тамеки жана ба□ги заттарды алып келүүгө, сатууга жана жайылтууга;

г) лицейдин окуучуларын физикалык, моралдык жана материалдык жактан кемсинтүүгө, физикалык күч колдонууга, коркутуу, опузалоо менен алектенүүгө;

д) ок атуучу, кансыз, газ куралдарын, жарылуучу предметтерди жана уулуу заттарды лицейдин аймагына алып келүүгө, жайлытууга, колдонууга;

е) айланасындагыларга терс кесепеттерди алып келүүчү бардык аракеттерди, анын ичинде провокацияларды, чагымчылыкты жасоого;

ж) лицейдин ички тартибинин Эрежелерин бузууга.

9.5. Окуучулардын башка милдеттери лицейдин директорунун буйругу менен аныкталат.

9.6. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) төмөнкүлөргө милдеттүү:

а) эл аралык укуктар принциптерин жана балдарды тарбиялоо жана алардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоо боюнча КР мыйзамдарынын талаптарын аткарууга;

б) үйдө өзүн өзү өсүтүрүүгө жана тарбиялоого жагымдуу жайгдайды түзүүгө;

в) баланы ийгиликтүү тарбиялоо жана окутуу үчүн зарыл болгон бардык жагдай менен камсыздоо;

г) Лицей менен биргеликте баланын окуусун, анын лицейде сабакка катышуусу, окуучулар үчүн Эрежелерди аткаруусун көзөмөлгө алууга жана кепилдөөгө;

д) ата-энелердин компетенциясына тиешелүү болгон Жобонун лицей тууралуу бөлүгүн аткарууга;

е) ата-энелер чогулушуна катышууга;

ж) окуучунун күнөөсү менен келтирилген зыянды толтурууга, материалдык жоопкерчиликти алууга;

з) келишимге жана нормативдерге ылайык КММА тарабынан белгиленген окуучунун окуусу үчүн төлөм акыны өз убагында, белгиленген мөөнөттө төлөөгө.

ЖЧДБ директорунун м.а. Т.Баймуратов